**Дүйшөмбү, 23-апрель, 1990 – жыл. Фрунзе шамы.**

**Д. КЫЗАЕВА,**

**Ж. ЖАЛИЕВА,**

**С. БЕГАЛИЕВ,**

Кыргыз ССР Мамлекеттнк архивинин кызматкерлери.

*Тарыхыбыздын күңүрт барактары*

# КҮНӨӨСҮЗ КҮНӨӨЛҮҮЛӨР

Өткөн жылдыи этегинде республикабызда репрессиянын курмандыгы болгон төрт миңден ашык адам акталды. Бул азырынча деңизднн тамчысына барабар. Анткени, эл душманы аталган күнөөсүз күнөөлүүлөрдүн эсебин тактап, иликтөө оңой-олтоң иш эмес экен. Ошого карабастан, архивдерде көз майын коротуп, көп адамдар иштеп жатышат. Алардын катарында Кыргыз ССРиннн Мамлекеттик архивинин кызматкерлери Д. Кызаева, Ж. Жалиева жана тарых илимдеринин кандидаты С. Бегалиев да бар. Аты аталган жолдоштор бейкүнөө абакка кеткен бир тууган Сыдык, Садык Мураталиндердин тагдырын баяндаган даректүү макаласын редакциябызга жөнөтүшкөн. Төмөндө сөз мына ушул эки бир тууган туурасында болмокчу.

**Бир тууган Мураталиндердин улуусу Сыдык** 1889-жылы, кичүүсү Садык 1890-жылы Пишпек уездинин Узун Кыр болуштугунда (азыр бул

жерде Стрельников атындагы алдыңкы чарба жайгашкан), жарык дүйнөгө келишкен.

Алардын атасы Мураталы оокат-ашка тың, сабаттуу, орус тилин мыкты билген адам болгон. Казандан чыгуучу казак, татар тилиндеги газета-журналдарды үзбөй окуп, балдарынын сабаттуу болушуна умтулган. Сыдыкты Пишпектеги үч класстуу орус окуу жайынан, Садыкты орус тузем мектебинен окуткан.

Сыдык окууну аяктаган соң 1917-жылга чейин Пишпекте сот тергөөчүсү Фазановскийдин тилмечи болуп иштейт.

1918-жылы большевиктер партиясынын катарына өтүп, Пишпек уездинин революциялык турмушуна активдүү катышат. Пишпек Совдепинин, Ревтрибуналдын мүчөсү катары Ак-Суудагы контрреволюциялык козголонду басуучулардын катарында болот.

1919-жылдын жазында ал Пишпек уездинин биринчи райондук милиция бөлүмүнүн начальниги болуп дайындалат.

Жаңыдан түзүлгөн советтин жумушчу-дыйкан милициясы алгачкы күндөрдө тактан кулаган эзүүчү таптардын каршылыгына кабылганын билебиз. Сыдык Мураталин сыяктуу милиция кызматкерлерине революциялык тартипти бузуучуларга, Кызыл кулактарга каршы курешүүгө туура келген.

Кыргызстандагы кылмыштуулук күч алган ошол мезгилде атайын билимдери жоктугуна, куралдарынын начардыгына карабастан. Сыдык Мураталин баш болгон алгачкы милиционерлер өз милдеттерин абийирдүүлүк менен аткара алышкан.

Бүгүн биз архивдик документтердин негизинде кыргыз милициясынын түзүлүшүнө Сыдык Мураталиндин кошкой салымы чоң болгон десек аша чаппайбыз.

1920-жылдын күзүндө, тагыраак айтканда 20-ноябрда козголоңчулар Нарында Совет бийлигин тартып алышып, Чүй өрөөнүндөгү кулактарды козголоңго тартуу үчүн өз отрядын жиберишет. Сыдык жетектеген ыктыярдуу топ мына ошолордун жолун тороп, Шамсыда катуу кармаш болот. Убакыттан пайдаланып партиянын Токмок уезддик комитети, саясий бюронун. ЧКнын милиция жана аскер комиссариатынын өкүлдөрүн чогултуп, оперативдүү штаб түзүп, козголоңчуларды басуу үчүн кошумча аскер жөнөтүлөт.

1923-жылдын ноябрында С. Мураталин Каракол уезддик шаардык милициянын начальниги болуп дайындалат да Караколго көчүп келет. Белгилүү жазуучу Мукай Элебаев Каракол милициясында кенже милиционердик кызматта иштеп турган кезинде, Сыдык жаш жигитке акыл-кеңешин көп айтат. Анын зиректигин, билимге болгон умтулуусун байкап окууга кеңеш берет, техникума өтүшүнө жардамдашат.

С. Мураталин аз эле убакыттын ичинде республиканын көп жерлеринде, ар кыл кызматта иштөөгө үлгүргөн. Ал бардык кызматта, кандай иш болбосун бат эле өздөштүрүп кете алган.

1924-жылы ал Нарын уезддик милициянын начальниги, ал эми 1925-жылы РКП(б) Кыргызобкомунун рекомендациясынын негизинде элдик тергөөчү болуп дайындалат. Андан кийин Кыргызмедсооданын башкаруучусу болуп иштейт. Бирок жаңы кызматтан көрө өз кесиби милициялыкты артык көргөн Сыдык башкаруучулуктан баш тартат. Ал кайрадан Токмок шаардык милиция бөлүмүнө начальник болуп дайындалат 20-30-жылдарда жетекчи кызматчылардын бат-бат орун алмаштырышы ошол мезгилге мүнөздүү белги болгонун Мураталиндин эмгек жолунан. өмүр баянынан баймдоого болот.

1926-жылы, 13-октябрь – Жалал-Абад окрадминистративдик бөлүмдүн начальниги, ократкомдун төрагасынын орун басары.

1927-жыл, 13-июнь – Чүй контадминистративдик белумдүк начальниги.

1927-жыл, 24-декабрь – Чүй райондук 2-бөлүмдүн элдик тергөөчүсү.

1928-жыл, 13-октябрь – Аламүдүн райондук милициянын начальниги.

1929жыл, апрель – Токмок шаардык милициянын начальниги.

1930-жыл, январь – Талас контадминистративдик бөлүмдүн начальниги.

1930-жыл, 10-июль – Кыргыз АССРинин милиция башкармасынын инспектору.

1930-жыл, 8-сентябрь – Республиканын милиция башкармасынын начальнигинин милдетин аткаруучу.

1931-жыл, 1-январь – Республиканын милиция баш

кармасынын начальнигинин орун басары.

1931-жыл, 15-март – Милиция башкармасынын уюштуруу кызматы бөлүмүнүн начальнигинин орун басары.

1931-жыл, 1-август – Алай районунун элдик төргөөчүсү, райондук прокурору.

1932-жыл, 9-март – Орозбеков районунун прокурору.

1932-жыл, 15-ноябрь – Кыргыз АССР Прокуратурасынын ага тергөөчүсү.

1933-жыл, январь – республикалык УИТУнун административдик бөлүмүнүн начальнигинин жардамчысы, инспектор.

1933-жыл, 17-март – Кыргыз АССР Башки сотунун мүчөсү.

1933-жыл, 22-декабрь – Кызыл-Жар районунун прокурору.

ВКП(б)нын Кызыл-Жар райондук Комитетинин 1934жылдын 3-майында С. Мурагалинге берген өндүрүштүк мүнөздөмөсүндө «30 Сыдыковчулардын» тобуна аралашкандыгы үчүн партиялык линия

боюнча сөгүш алган деп белгиленет. Сыдыктын бул «күнөөсү» эч жерде унутулган эмес.

1935-жылдын 2-январында бейкүнөө дыйкандарды камоодон баш тарткандыгы үчүн ал кызматынан бошотулат. Тилекке каршы. прокурорлуктан бошотулгандан камакка алынганга чейинки тагдыры тууралуу маалыматты архивден табууга мүмкүн болбоду. Бирок кызматтан ылдам ылдыйлай башташы анын ошол кезде кандай абалга кабылганын бүдөмүк болсо да кабарлагансыйт. Сыдык 1937-жылы түрмөгө камалып. ошол эле жылы атылган. Анын күнөөсүздүгү 19 жылдан кийин гана аныкталып. 1956-жылы акталган.

II

Мураталиндердин улуусуна удаа эле кичүүсү Садык да камакка алынган. Анын сүргөн өмүрү, кылган кызматы өзгөлөр, өзгөчө жаштар үчүн кызык болуш керек.

1919-жылы Садык агасынын кеңеши боюнча Ташкендеги кавалериялык Курска кирет. Бирок аны бүтүүгө мүмкүн болбоду. Башка курсанттар менен бирге Сыр-Дарыя областындагы басмачыларды жок кылууга жөнөтүлөт. Кийин келсе кавалериялык курс жоюлуп калган болот.

Пишпекке кайтып келип, котормочу болуп иштейт. өзгөчө маанидеги бөлүктөрдүн составында Өзбекстан менен Кыргызстандагы басмачыларга каршы күрөшүп жүрүп, Россиялык Коммунисттик Жаштар Союзунун катарына өтөт.

Ал эми 1923-жылдан тартып комсомолдук ишке аралашат. Комсомолдун областтык комитетинин уюштурчу бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1926-жылдын 15августунан тартып инструктор, уюштуруу бөлүмүнун башчысы болуп иштейт 1926-жылдын 11-12-мартында Москва

шаарында болуп өткөн комсомолдун Буткүл союздук VII съездинин делегаттыгына шайланган. Ал Тогуз-Тородогу алгачкы комсомолдук ячейкаларды уюштуруучулардын бири. 1925жылы ВКП(б)нын мүчөлүгүнө кандидат болуп көрсөтүлөт. Ал эми 1927-жылдан баштап, Садык партиялык ишке отот Түштүктөгү басмачылардын калдыктарын жоюуга эскадрондун командири катары катышып, камакка алынган 1937-жылга чейин ОГПУ органдарында кызмат өтөгөн.

Мына ушул даректүү макаланын авторлорунун бири 1983-жылдын башында Садык аксакал менен жолугушкан эле. Ал анда агасы тууралуу көбүрөөк айтууга аракеттенген. Бул анын өз агасына болгон сыйлоосу болсо керек, айтор өзү жөнүндө чечилип эч нерсе айткан эмес.

Бүгүн биз репрессия маалында улуттук интеллигенциябыз, партиялык жана советтик кызматкерлерибиз гана эмес, НКВДнын көптөгөн кызматкерлери да бейкүнөө жазага кириптер болушканын билип олтурабыз. Садык Мураталин репрессиянын азаптозогун башынан кечирип, ден соолугунун чыңдыгынан гана аман калган күнөөсүз күнөөлүүлөрдүн бири болгон.

Таламандын тал түшүндө эле базардын жанынан баса калып камакка алынган Садыкты өлөрчө сабап, аябагандай кыйнашып, тиштерин кагышкан.

Бир жолу ал коридордон көтөрүп баратышкан, курсагы чандыя кееп кеткен елген адамдын республиканын Борбордук Аткаруу комитетинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков экенин тааныган.

Көп жылдар өтүп Фрунзе калаасынын көчөлөрүндө эс алып жүрүп жолдун аркы четинен бир кезде түрмөдө өзүн кыйнаган ГПУнун кызматкерин тааныгандыгын жанындагы баласына шыбырап айтат. Бул анын түрмөдөн көңүлү үч көчкөндөй калгандыгынын, корккондугунун күбөсү.

1939-жылы түрмөдөн бошоп, «эл душманы» Садык Мураталин токой чарбасы боюнча эл комиссариатына ишке орношот. Кийинчерээк Нарын, Кемин токой чарбаларында эмгектенет. Улуу Ата Мекендик согушта болуп, Австрия менен Венгрияны бошотууга катышат.

Согуштан кийин Аламудүн районундагы Беш-Кунгей айлына кайтып келип, Чуй мамлекеттик токой питомнигинде эмгектенген.

Тилекке каршы, Садык аксакалдын ак жеринен караланган репрессиянын курмандыктары акталып, атыжөнү аныкталып жаткан жаңылануу мезгилине чейин жашабай калганы кандай өкүнүчтүү.